**2.12. Окутууну жыйынтыктоо формалары жана берилүүчү документтер.**

**2.12.1.** Мамлекеттик аттестацияны ийгиликтүү тапшырган педагогикалык колледждин студентине атайын орто билимдүү адистин кесиби ыйгарылат жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин мамлекеттик үлгүдөгү диплому берилет.

**2.12.2.** Артыкчылык диплому педагогикалык колледждин мамлекеттик аттестациядан «эң жакшы» деген бааларды алган жана 75% кем эмес эң жакшы бааларга ээ болгон (канааттандырарлык баалары жок болгон) бүтүрүүчүлөргө берилет.

**2.12.3.** Педагогикалык колледж тарабынан берилген дипломдорго Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын окулунун, педагогикалык колледждин директорунун колу коюлуп, мөөрү менен бекитилет.

## 3. Педагогикалык колледждин студенттеринин, окутуучуларынын жана башка кызматкерлеринин укуктары жана милдеттери.

**3.1. Педагогикалык колледждин студентинин статусу.**

Кирүү сынооолорунун жыйынтыгы боюнча педагогикалык колледждин директорунун буйругу менен окууга кабыл алынгандар студент болуп эсептелет. Студентке кабыл алынган үлгүдөгү студенттик билет жана зачеттук китепче берилет.

**3.2. Студенттердин укуктары жана милдеттери:**

**3.2.1. Студент укуктуу:**

-адистин квалификациялык талаптарына жооп берген билимди алууга;

-окуу процессин өнүктүрүү, практикалык билим берүүнү уюштуруу, жетишүү, эмгек жана окуу дисциплиналары ж.б.студенттин окуусуна жана жашоосуна байланыштуу маселелерди талкуулоого жана чечүүгө катышууга;

-педагогикалык колледждин жамаатынын коомдук турмушуна, коомдук иш чараларга, спорттук секциялардын иштерине, өздүк көркөм чыгармачылык ийримдерине ж.б. катышууга

- Кыргыз Республикасынын белгиленген мыйзамдарына ылайык куралдуу күчтөргө кызмат кылууга чакырууну кийинкиге калтырууга;

-педагогикалык колледждин студенттик органдарына шайланууга жана шайлоого;

-окуу аудиторияларын окутуунун лабораториялык, техникалык каражаттарын, китепкананы, маалыматтык фонддорду, жатакананы, спорттук аянтчаларды пайдаланууга;
-өзүнүн адамдык намысын коргоого, администрациянын чечимдерин билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу органдарына жана башка тийиштүү жерлерге даттанууга;
-бюджеттик бөлүмдүн күндүзгү формасында окуган студенттер белгиленген тартипте жана өлчөмдөгү мамлекеттик стипендия алууга;

3.2.2. Студенттер милдеттүү:
-педагогикалык колледждин билим берүү программаларынын талабын аткарууга;
-адистиги боюнча мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына жооп берген теориялык билимге жана практикалык көндүмгө ээ болууга;
-педагогикалык колледждин Уставын аткарууга;
-педагогикалык колледждин ички тартип эрежелерин сактоого;
-педагогикалык колледждин администрациясынын чечимдерин аткарууга;
-педагогикалык колледждин мүлктөрүнө аяр мамиле кылууга;
-сабактын бардык түрлөрүнө катышууга;

3.3. Педагогикалык кызматкерлердин укуктарынын статусу жана юридикалык аныкталышы (бекемделиши).

Педагогикалык колледждин кызматкерлери болуп окутуучулар, административдик-башкаруучу, окуу жана тейлөөчү персоналы эсептелет. Штаттык расписание финансылоонун бөлүнгөн көлөмүнүн чегинде Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин макулдугу боюнча педагогикалык колледждин директору тарабынан бекитилет.

3.4. Педагогикалык колледждин кызматкерлеринин укуктары жана милдеттери.

3.4.1. Педагогикалык колледждин кызматкерлери укуктуу: